• Арылбаган ак тактар

# "Ата-Бейиттеги» акталаалык азамат

*Совет мамлекетине каршы контрреволюция уюштурууга катышкан деген жалган жалаалар менен кыргыздын нечендеген илимдүү-билимдүү, чыгаан инсандары ак жеринен атылып кеткени ачык айкындык алып келген демократия заманында дайын болуп отурбайбы. Мына ушулардын бири «Ата-Бейитте» атылгандардын арасында болгон Акталаанын кулуну Нуркул КУЛНАЗАРОВ.*

Нуркул Калназаров 1937-жылы 39 жашында жалган жалаа менен кыргыздын ошол мезгилдеги мыкты уулдары Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Жусуп Абдрахманов жана башка 137 белгилүү адамдары менен бирге атылган. Азыр «Ата-Бейттеги» эстеликте 58-катарда «Кулназаров Нуркул» деп жазылып турат.

Нуркул Кулназаров 1898-жылы 19-декабрда Акталаа районунун «Кадыраалы» айылында кедей-кембагалдын үйбүлөсүндө туулган. Ата-энеси кедей жашагандыктан айылдын ошол мезгилдеги манабы Түлкүбаев Кебегендун малын багып, чөбүн чаап, оокат-тиричилигин өткөргөн. Нуркул да атасына мал багышып жардам берген.

Нуркул бала кезинен эле зээндүү, тың болгон. Өзүнчө эркин турмушту эңсеген. Эмгек жолун 1918-жылы «Кадыралы» айылындагы мектепте мугалим болуп иштеп баштайт. Ушул кезде Нарын өрөөнүндө совет өкмөтү, партиялык уюмдар жаңыдан уюшулуп жаткан. 1919-жылы партиянын катарына (билет №371914) өтөт. Ушундан кийин элдин турмушун кандай жол менен оңдоону, совет өкмөтүнүн пландарын так аткарууну алдына максат кылып коет.

1920-жылы май айында Ташкент шаарындагы мугалимдердин үч айлык курсуна жиберилген. Курсту бүткөндөн кийин Нарын уездине жиберилип, эл агартуу бөлүмүндө инструктор, 1923-жылы июнь айынан баштап агартуу тармагын тейлеген. 1924-жылы Нарын уездинде союз кошчунун төрагасы болуп иштеп турганында жалган ушак менен жаман аттуу кылууга аракеттенгендер да болгон.

Бишкек округдук РКП комитетинин президиумунун 1924-жылдын 15-16-декабрдагы

**пролетариат, эл алдында ак ниет катары көрсөтүүгө аракеттенген. Кара Кыргыз автономиялуу областынын бөлүнүшүнө да каршы пикирлерди көрсөтүшкөн. Баялинов, Кулназаров жогорку органдардын улуттар арасында ынтымактуулугуна тоскоолдук кылган, бул кечиримсиз күнөө,**

жүрсөм, жалган жеринен да күнөөлүүгө кошууга аракет жасагандар болот турбайбы» деп айткан экен. Муну Нуркул Кулназаровдун айылдаш замандаштары Жаманов Абдрахман, Тилегенов Кадыш, Эсенаманов Садыр айтып калышаар эле. Нуркул жөнүндө

Кара Кыргыз Автономиялуу облусунун аткаруу комитетинин заседаниесинде Айтматов Төрөкул, Кулназаров Нуркул, Иванов, Тагаев, Подмосковный облустун аткаруу комитетинин кандидаттыгына көрсөтүлүшкөн. Кийин облаткомдун төртүнчү пленумунда (1928-жыл, 6-8-июнь) Т.Айтматов, Н.Кулназаров,



1991-жыл, 30-август Чоңташ.

Кыргызстанда боло турган шайлоо комиссияларында да мүчө болгон. Ал эми 1928-жылы 26-ноябрда Кыргыз автономиялуу облусунун аткаруу комитети шайлоо компаниясын ийгиликтүү өткөрүү боюнча төрагасы Давыдов, орун басары Н.Кулназаров болгон комиссия түзгөн.

1927-жылы 12-декабрдагы БАКтын сессиясында жаңы кыргыз алфавитин түзүү боюнча уюшулган комиссиянын төрагасы А.Орозбеков, орун басары К.Тыныстанов болсо башкалардын катарында мүчөлүгүнө Нуркул Кулназаров да кирген.

1935-жылы 20-декабрда өткөн сессияны А.Орозбеков башкарып, ага Кыргыз АОсунун союз кошчусунун төрагасы Нуркул Кулназаров катышкан. 22-декабрдагы кечки заседаниеде А.Боталиев, Т.Хасанова, М.Күрөңкеев, К.Орозов жана жердешибиз Молдобасан Мусулманкуловго эл артисти наамы берилген. Н.Кулназаров жердешим ардактуу наам алды деп кубанып, толкундангандыр. Ал эми М.Молдобасанов болсо жердешим БАКтын мүчөсү деп сыймыктангандыр...

1935-жылы ВКП (б) Кыргыз обкомунун жолдомосу менен Нуркул Кулназаров Балыкчы райисполкомунун төрагасы болуп дайындалган. Ал кезде темир жол жок. Элдин турмушу ойдогудай эмес эле. Н.Кулназаров элди кандай жол менен жакшы турмушка, жакшы жашоого жеткирүү жөнүндө көп ойлонуп көп түйшөлгөн, көп иштеген. Жалпы кыргыз элинин, айрыкча жаштардын сабаттуу болуусу үчүн көп күч-аракет жумшаган. Кыргыз элиме, жериме көп эмгек жасап, урматтап сыйласын деп ак эткенден так эткен. Мына ушундай асыл тилектерин ишке ашыруунун үстүндө иштеп

заседаниесинин №8-токтомунда төмөндөгүлөрдү белгиленген (үзүндү келтирели):

**Уезддин РКП комитетинин секретары Кулумбаевдин, исполкомдун председатели Баялиновдун билдирүүлөрүн угуп, округдук ВКП бюросу белгилейт:**

**1.Нарын уездинде партиянын ишин эл арасында жана бай-**



**1991-жыл, 30-август Чоңташ.**

**манап менен иштөөдө... айрыкча исполкомдун төрагасы Баялинов, союз кошчунун төрагасы Н.Кулназаров элдин алдында сүйлөгөн сөздөрүндө партиялык союздук аппараттын совет өкмөтүнүн түзүлүшүнө жол бербеген сөздөр айтылган.**

**2.Мындан тышкары Нарында болуп жаткан абалды жол. Баялинов, Кулназаров жана Усманов Алма-Ата обкомунун союз кошчусуна кайрылган. Бул учурда Пишпекте ВКП партиянын бюросу тарабынан уюштурулган.**

**Округдук бюро жогоркудай РКПнын мүчөлөрү жана жооптуу кызматчылары ката кетиргендиктен жол. Баялинов жана Кулназаров саясий кечиримсиз, партиялык тартипти бузушкан.**

**3. Алма-Ата обком партиясына кайрылганда Баялинов, Кулназаров өзүлөрүн чыныгы партиянын катарында турууга мүмкүн эмес. Нарындагы начар түзүлүп жаткан абалды оңдоого төмөнкүдөй чаралар колдонулууга тийиш:**

***Жол.Баялинов жана Кулназаров партиялык тартипти одоно бузгандыгы жана РКП (б) партиядан чыккан топтордун катарында эсептелип, күнөөсү тергөө органынын жыйынтыгына карата аныкталат.***

**Тергөө органы тарабынан иштери аныкталмайынча жол Баялинов, Кулназаров, Унарбаев, Токтоболотов Пишпекте кармалсын (көчүрмөсү туура).**

ВКП (б) Кыргыз обкомунун учет боюнча сектору Кондрашевдун жогоркудай жалган ушактарынын негизинде Нуркул Кулназаров жана башка ак ниет адамдар канчалаган кыйноолорду башынан өткөрбөдү. Бул жалган жалаа жабуулар тергөө органынан жана партиялык комиссиядан текшерилип, күнөөсүз деп табылып, 1937-жылга чейин «жашап, иштеп» келбедиби. Ак ийилди, бирок сынган жок.

Ушул жалган ушак РПКнын обкомунун бюросунда каралганда Нуркул Кулназаров: «Мен партиянын, өкмөттүн ак ниет адамымын. Мени эч ким партияга, өкмөткө каршы деп айта албайт деп көптөгөн эскерүүлөрдү айтышчу. «Кайран гана киши, мыкты уулдарыбыздын бири эле. Жаш кетти. Көздөгөн максатына жетпей калды» дешип, өкүнүп калышчу. Алгачкы билимин 4-5 жыл медреседен окуп алганын, айылда башка билим алууга шарт болбогондуктан ата-энесинин чарба жумуштарына жардам берип келгенин айтышчу.

Мындан ары Нуркул Кулназаровдун эли-жери үчүн өтөгөн эмгегин көрсөтүү максатында анын ишмердүүлүктөрүнө токтолоюн.

Нуркул Кулназаров 1925-1927-жылдары союз кошчунун төрагасы болуп иштеп турганында эл агартуу комиссары Касым Тыныстановдун агартуу тармагын жакшыртууга карата кыргыз элине чакырыгын колдогон. Өзү 29 кишини уюштуруп, ар биринен он сомдон (бир койдун баасы 3 сом) чогултуп, эл агартуу тармагына жумшаган («Касым Тыныстан уулу». 1991-жыл.11-бет). Бул боюнча ошол кездеги «Эркинтоо» гезитине (12-апрель, 1926-жыл,№115-саны) макала жазып чыккан.

Жердешибиз Нуркул Кулназаров 1927-жылдын март айынан баштап кыргыз обкомунун бюросунун кандидаты жана Борбордук Аткаруу комитетинин мүчөсү болгон. Кыргыз автономиялуу облустан Кыргыз Автономиялуу республикасы аталганда союз кошчунун төрагасы болуп иштеген. 1928-1929-жылдары Ташкендеги Орто Азия университетинде (САКУ) окуп, билим алган. 1929-1931-жылдары Кыргыз автономиялуу республикасынын өз ара жардамдашуу боюнча комитетинин төргасы, ушул эле жылдары Кыргызстан ВКПнын Кызылжар районунун өкүлү болуп иштеген. 1933-1934-жылдары Атбашы райисполкомунун төрагасынын орун басары, Балыкчы райисполкомунун төрагасы болгон. Булардан кийин Нуркул Кулназаровдун коомдук иштерге да активдүү катышкандыктарына токтолоюн. 1925-жылы 31-мартта Т.Кадыров, М.Максимова, Тагаев мүчө болуп киришкен. Ал эми 1915-жылы 27-30-мартта өткөн Кара кыргыз автономиялуу облусунун Советтеринин I съездинде Советтердин Бүткүл Россиялык II съездинде шайланышкан 12 кишинин арасында Нуркул Кулназаров да болгон.

Жердешибиз Нуркул Кулназаров Борбордук Аткаруу Комитетинин отурумдарында, сессияларда ошол кездеги маанилүү маселелер боюнча чыгып сүйлөп турган. 1927-жылы 10-ноябрда Кыргыз автономиялуу облусунун Борбордук Аткаруу Комитетинин төрагасы А.Орозбеков башкарган сессияда жер реформасы боюнча сөз сүйлөгөн. 1935-жылы 20-декабрда өткөн сессияда баштапкы жана орто мектептердеги абал жана аларды мындан ары өнүктүрүү каралып, Нуркул Кулназаров сүйлөгөн сөзүндө жалпы кыргыз журтчулугунда мугалимдердин жетишсиздиги, аларга түзүлгөн шарттар, ошондой эле мектептердин талапка ылайык келбегендиги тууралуу кеңири сөз сүйлөгөн. 1934-жылы 10-15-июнда өткөн төртүнчү сессияда Балыкчы райисполкомунун төрагасы катары отчет менен сүйлөп чыккан.

Нуркул Кулназаров Борбордук Аткаруу комитетинин, ар кандай өкүлчүлүктүү комиссиялардын тутумунда коомдук иштерге активдүү катышкан. Мисалы, 1927-жылы 12-мартта Советтердин съездинде Нуркул Калназаров Борбордук Аткаруу комитетинин мүчөлүгүнө шайланган. Ушул эле жылы 6-июлда жер реформасынын түштүк аймагы боюнча 19 адамдан түзүлгөн комиссиянын курамына кирген. 1927-жылы Октябрь революциясынын жана Кызыл Армиянын түзүлгөндүгүнүн 10 жылдык майрамдарын өткөрүүгө комиссиянын мүчөсү катары активдүү катышкан. Ошондой эле салык жана каршы делинип, жалган жалаа менен партиянын катарынан чыгарылган. 1937-жылы 29-августта «Социалтуран» партиясын уюштургансың, анын мүчөсү болгонсуң, көп жылдар бою контрреволюциялык иштү активдүү жүргүзгөнсүң, шпиондук иштерге катышкансың деген күнөөлөр коюлуп, жогорку соттун коллегиясынын чечими менен эң жогорку жаза - өлүм жазасы берилип, 1937-жылы 5-ноябрда атылган.

Кийин мамлекеттин кийлигишүүсү менен контр деп бир жерге 137 адамдын атылгандыгы аныкталып, 137 адамдын аты мрамор ташка жазылып, «Ата Бейит» аталып калды. Ал Бишкектен 25 чакырым аралыкта «Ата Бейиттеги» ак жеринен атылып кеткен шейиттердин бардыгына башымды ийип таазим этемин. Сиздер кыргыз эли үчүн унутулгус кыйын мезгилде жаңыдан гана телчигип келаткан өлкө үчүн өзүңүздөрдүн талыкпас, кажыбас кайратыңыздар менен иштедиңиздер. Сиздер тарыхта эч бир унутулгус улуу адамдарсыздар. Сиздерди дайым эскеребиз.

Жердешибиз Нуркул Кулназаров жөнүндө архивден, адабият жана тарых китептеринде жазылган материалдар боюнча кыргыз элине, ошонун ичинде Акталаа элине иштеген иштери, эли-жери үчүн өтөп кеткен эмгектери жөнүндө маалымдап турмакпыз. Дагы изилдеп, Н.Кулназаров жөнүндө билгендер кабарлашса, башка материалдар табылып калса эли-журтубузга билдирип турабыз.



**А.АБДЫРАХМАНОВ,**
**Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер, айылдык кеңештин депутаты.**
**Акталаа району, Тоголок Молдо айылы.**